**“1000 вольттон жогору чыңалуудагы электр тармактарын коргоо эрежелерин бекитүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомунун долбооруна НЕГИЗДЕМЕ-МААЛЫМКАТ**

**1. Максаты жана милдеттери**

Электр тармактарынын коопсуз эксплуатациялоо маселелер боюнча ченемдик укуктук актыларда боштуктарды толуктоо токтом долбоорунун максаты болуп эсептелет.

1000 вольттон жогору чыңалуудагы электр тармактарын сактоону камсыздоо, аларды пайдалануунун нормалдуу шарттарын түзүү жана кырсык учурлардын алдын алуу токтом долбоорунун милдети болуп эсептелет.

**2. Баяндоочу бөлүк**

Акыркы жылдары жүргүзүлүп жаткан ар кандай объектилердин башаламан жана көзөмөлсүз курулушу электр аба чубалгыларынын коргоочу зоналарын жана калктуу конуштарда жайгашкан көмөк чордондордун айланасындагы аймактарды өнүктүрүүгө алып келди. Коопсуздук аймагына же аба чубалгыларынын астына бак-дарактар отургузулат. Ошентип, техникалык тейлөө жана оңдоо иштери үчүн электр чубалгыларынын тирөөчтөрүнө жана зымдарына кирүүгө мүмкүнчүлүк жок. Мындан тышкары, аба чубалгысында өзгөчө кырдаал жаралганда, адам өмүрүнө коркунуч жаралат.

“1000 вольттон жогору чыңалуудагы электр тармактарын коргоо эрежелеринин” долбоору (мындан ары – Эрежелер) 1000 вольттон жогору чыңалуудагы электр тармактарын сактоону камсыздоо, ушул тармактарды пайдалануунун нормалдуу шарттарын түзүү жана кырсык учурлардын алдын алуу максаттарында киргизилишүүдө жана 1000 вольттон жогору чыңалуудагы электр тармактарын долбоорлоо, куруу жана эксплуатациялоо учурларында, ошондой эле электр тармактарына жакын жерлерде иштерди өндүрүү жана башка ишмердикти жүзөгө ашыруу учурунда колдонулат.

1000 вольттон жогору чыңалуудагы электр тармактары алдында (көмөкчордондору, бөлүштүрүүчү түзмөктөр, агын өткөргүч зымдар, электр аба чубалгылары, жер алдындагы жана суу алдындагы электр берүүлөрдүн кабелдик чубалгылары жана аларга тиешелүү боло турган курулмалар түшүндүрүлөт.

Эрежелерде электр тармактарынын сакталып туруусун камсыздоо, аларды пайдалануунун нормалдуу шарттарын түзүү жана кырсык окуялардын алдын алуу үчүн жер тилкелери бөлүнүп берилет, күзөтүү зоналары, электр тармактарынан имараттарга, курулмаларга, жер жана суу беттерине чейинки минималдуу жол бериле турган аралыктар орнотулушат, токой массивдеринде жана жашыл өсүмдүктөрдү аралап токой жолдору салынат.

Эрежелер электр тармактарынын коопсуздук зоналарында, ушул тармактарга жооптуу болгон ишканалардын (уюмдардын) жазуу жүзүндөгү макулдугусуз, өндүрүшүнө тыюу салынган иштердин тизмесин берет. Ошондой эле, Эрежелер электр тармактарынын кадимки иштешин бузуп, алардын бузулушуна же аварияга алып келүүчү аракеттерге тыюу салат.

**3. Мүмкүн болуучу социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттердин божомолдору**

Токтом долбоору негативдүү социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттерге алып келбейт.

**4. Коомдук талкуунун жыйынтыктары жөнүндө маалымат**

Токтом долбоору жарандардын жана юридикалык жактардын кызыкчылыктарына тикелей тиешеси жок жана ишкердик иш-аракетти жөнгө салбайт, себеби 1000 вольттон жогору чыңалуудагы электр тармактарын сактоону камсыздоого, аларды пайдалануунун нормалдуу шарттарын түзүүгө жана кырсык учурлардын алдын алууга багытталган.

**5. Долбоордун мыйзамдарга шайкеш келүүсүнө талдоо**

Токтом долбоору колдонуудагы мыйзамдардын ченемдерине ошондой эле, Кыргыз Республикасы катышуучусу болгон жана бекитилген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге карама-каршы келбейт.

Токтом кабыл алуу башка укуктук актыларга өзгөртүүлөрдү киргизүүнү талап кылбайт.

**6. Каржылоо зарылдыгы жана булактары жөнүндө маалымат**

Токтом кабыл алуу республикалык бюджеттен кошумча финансылык чыгымдарды талап кылбайт.

**7. Жөнгө салуучулук таасирине талдоо жүргүзүү жөнүндө маалымат**

Көрсөтүлгөн токтом долбоору регулятивдик таасирин талдоо жүргүзүүнү талап кылбайт, себеби жеке ишкерликти жөнгө салууга жиберилеген эмес.

**Министр** **Т.О.Ибраев**